КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

БУЙРУК **ПРИКАЗ**

№ 2287/1 2022 жылдын «11» ноября

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартибин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибинин 17-пунктундагы шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо талабын аткаруу максатында ***буйрук кылам:***

1. Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары, борборлору):

- шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоодон ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген тартипте өткөрсүн;
- кошумча экспертизалоонун жыйынтыгын министрликке жазуу жүзүндө билдирсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо секторуна жүктөлсүн.

Министрдин орун басары **Н.С. Джусупбекова**

005921

Тиркеме

КР ББиМ 2022-жылдын
11 -ноябрындагы
2287/1 буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо
ТАРТИБИ

1. Бул Тартип шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоонун жол-жобосун белгилейт.

2. Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтому менен бекитилген билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибинин 17-пунктунун талаптарын аткаруу максатында иштелип чыкты.

3. Кошумча экспертизалоонун максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарындагы аккредитациялоо учурунда аныкталган кемчиликтердин орун алышынын себептерин аныктоо;
- аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишин жакшыртуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;
- кемчиликтерди жоюу боюнча методикалык жардам көрсөтүү.

4. Кошумча экспертизалоо өзүнө институционалдык жана программалык акрредитациянын минималдык талаптарын билим берүү уюму тарабынан аткаруу боюнча аныкталган кемчиликтердин орун алышынын себептерин жана алардын жоюлушун текшерүүнү камтыйт.

5. Кошумча экспертизалоо райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын коллегиясында аккредитациялоонун жыйынтыгы каралгандан кийин жүргүзүлөт.

6. Кошумча экспертизалоо райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан аткарылат. Комиссия 5 кишиден турат.

7. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын өкүлү – Комиссиянын төрагасы;
- айыл өкмөтүнүн өкүлү;

- билим берүү уюмунун жетекчиси;
- райондук окуу-усулдук кабинетинин кызматкери;
- райондун/шаардын алдыңкы мектебинин директору.

8. Кошумча экспертизалоо жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
- комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызмат орду;
- кошумча экспертизалоону баштоо жана аяктоо датасы.

9. Кошумча экспертизалоону комиссиянын төрагасы уюштурат.

10. Комиссия аккредитациялоодон өткөрүү боюнча тышкы баалоо жүргүзгөн эксперттик комиссиянын төрагасы менен корутундудагы кемчиликтерди жоюу боюнча талкууларды, кеп-кеңештерди он-лайн форматта уюштура алат.

11. Кошумча экспертизалоо учурунда Комиссия мектеп менен бирге тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын корутундусундагы кемчиликтерди жоюу боюнча билим берүү уюмунун иш-планын иштеп чыгат жана мектептин жалпы чогулушунда кароо менен планды бекитет.

12. Кошумча экспертизалоо учурунда комиссия төмөнкүлөрдүн талапка шайкеш келишине өзгөчө көңүл бурат:
- мектептин ички укуктук ченемдик иш кагаздарынын уюштурулушу (устав, жоболор, тартиптер, талаптар ж.б.). Мында мугалимдердин жеке иш кагаздары каралбайт;
- билим берүү программасынын мазмунунун мамлекеттик стандарттын жана базистик окуу планынын талаптарына жооп бериши, кызыкдар тараптардын суроо-талаптарынын камтылышы ж.б.;
- мектептин кадр камсыздалышы, кадр саясаты, квалификацияны жогорулатуу маселелери ж.б.;
- материалдык-техникалык базанын талапка туура келиши (коопсуздук маселелери, окуу кабинеттеринин жабдылышы ж.б.;
- билим берүү программасынын окуу китептери, окуу-методикалык материалдар менен камсыздалышы;
- окуучулардын билим берүү жетишкендиктеринин динамикасы, негизги компетенттүүлүктүн калыптанышынын деңгээлдеринин (репродукциялык, продукциялык жана креативдик) жана баалоонун түрлөрүнүн (диагностук, форматтык жана жыйынтык) ишке ашырылышы;
- мектептин кошумча каржы саясатынын болушу жана коомчулук менен байланышынын натыйжалары.

13. Кемчиликтерди жоюуга талап кылынуучу убакыт төмөнкүдөй аныкталат:
- аккредитациялоодон баш тартылган мектеп үчүн 3 айга чейин;
- 1 жылдык мөөнөткө шарттуу аккредитацияланган мектеп үчүн 6 айга чейин;
- 3 жылдык мөөнөткө шарттуу аккредитацияланган мектеп үчүн 1 жылга чейин.

14. Комиссия кемчиликтерди жоюу убактысынын акыркы күнүндө аткарылган иштер боюнча корутунду даярдайт жана мектептин жалпы чогулушунда талкуулайт.

15. Мектептин кемчиликтерди жоюу боюнча корутундусу райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын коллегиясынын кароосуна коюлат.

16. Райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын коллегиясы төмөнкү чечимди кабыл алат:

- кемчиликтер толук бойдон жоюлган учурда мектепке кайрадан аккредитациялоодон өтүү процедурасын сунуштайт;
- кемчиликтер толук жоюлбаган учурда мектеп директоруна кошумча убакыт берилет.

17. Райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгы шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык мектептердин жетекчилеринин кетирилген кемчиликтердеги ролун жана жоопкерчилигин аныктайт.

18. Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык мектептердин директоруна мыйзам чегинде чара көрүү жагын карайт.